*Сакиева С.С.,*
*п.и.д.*
*Жалал Абадский Государственный Университет*

*Тажибаева Ж.*
*Жалал Абадский Государственный Университет*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ИДЕЯЛАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

# ОТРАЖЕНИЕ ИДЕЙ ФОРМИРОВАНИЯ ЛИЧНОСТИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА

***Түйүндүү түшүнүктөр***: *чыгармачылык, көркөм сөз, коом, саясий, социалдык, адабий, моралдык, нравалык, таалим-тарбия.*

***Ключевые слова***: *творчество, художественное слово, общество, социально-политический, литературный, нравственный, воспитание.*

Чыңгыз Айтматов ар тараптуу чыгармачылык талантка, адамдык сапатка бай чыныгы көркөм сөз чебери. Жазуучу ар бир чыгармачылыкка ылайык ошол коомду сүрөттөгөн чыгармаларды жараткан, Жазуучунун ар бир чыгармасынан адамдык кайра жаралуунун булактарын, өзүн-өзү тарбиялоону, адамдардын өз ара мамилесин, өлүм менен өмүрдүн бирдей жүрүшүн, таалим-тарбияны, кайгы менен кубанычты, ак ниеттүүлүк менен кара санатайлыкты, жакшылык менен жамандыкты жолуктурабыз. Чыгармачылыгынын алгачкы мезгилинен тартып эле ар бир мезгилдин коомдук саясий, социалдык, адабий, моралдык, нравалык, тарбиялык педагогикалык маселелерге активдүүлүк менен көңүл буруп, актуалдуу маселелерди карап, каармандардын эң мыкты жана терс образдарын чагылдырып берүү менен адамды инсан катары тарбиялоого терең салымын кошкон. Ар бир доордун аркалаган жүгү, проблемалуу маселелери болот, мунун баары биздин адамдык сапатыбызга, коомдук өнүгүүбүзгө, маданиятыбызга, көркөм тажрыйбаларыбызга, ой жүгүртүүлөрүбүзгө, адамдык жана инсандык калыптануубузга таасирин тийгизбей койбойт.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн “Хельсинки духу айкын жол“ деген макаласында адабияттын бүгүнкү күндөгү эң башкы маселеси - планетада нравалык климаттын жакшырышына себепкер болуу, бул бүгүнкү күндө бизди курчап турган чөйрөнү таза сактоо жөнүндөгү маселедей эле маанилүү, ансыз жер жүзүндө нормалдуу, чыныгы таза турмуштун болушу мүмкүн эмес” – деп түшүндүрөт. Адамзат өзүнүн жашоосунда эң бир татаал эволюцияны башынан өткөрдү, ошол ар бир доор адамзат үчүн баалуу тарыхый мурастар болуп калат жана алардын ичинен муундарга керек маалыматтар сактала бермекчи.

Жазуучу өзүнүн чыгармачылык жолунда замандаштары менен дайым чыгармачылыкта эмгектенген, башкача айтканда жазуучунун атайын басым койгон бирден бир түйүндүү маселеси – адеп-ахлактын кризисинде турган коомубуздун абалы. Бул кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан, улуттук, ыймандык сапаттарына, ыйык дөөлөттөрүнө муктаж болгон проблемалардын бири. Дагы бир орчундуу маселе, элибиздин уруу–урууга бөлүнүшү, трайбализмдин курчушу, жер–жерлерге бөлүнүү, ички ынтымактын жоктугу эң негизгиси адамгерчиликтин төмөндөшүнө жол бербөө проблемалары болууда. Кыргыз эли байыртадан эле гумандуу, кечиримдүү, нравалык жактан алдынкы эл болгондугун, буга жеткирген идеясы, адамдык сапаттары болгондугун, дал ошол сапаттарды коом өнүккөн сайын жоготуп албоо идеясын жазуучубуз ар бир чыгармасында эскертет. Мисалы, “Кыямат“ романында, мезгил-мезгили менен инсанды тынчсыздандырган нерсе – адамдын руханий турмушу, адамдык абийир, адеп-ахлак, ички маданияттын жоголуп баратышы, маданий кризис, адамзаттын келечегине болгон коптонуу, экологияга, жан-жаныбарларга болгон аёсуз мамиле, же акчага адамдык абийирдин алмашылып бараткандыгы ошол адамгерчилиик үчүн умтулган адамдардын тагдыры каралат. Ошол адамдык тагдырларды чагылдыруу менен жазуучу келечек муундарды туура жолго багыттоого аракет жасайт.

Адепсиздиктин келип чыгышынын түпкү негизин иликтөө менен бул чыгармада адамдык ач көздүк, зулумдук, текеберчилик, кыянатчылык акыры жүрүп адам баласын кандай гана оор нерсеге жолуктуруп коёрун, адам ар бир кадам сайын эстеп турушун, адам сыяктуу эле карышкырларда да энелик сезим ыйык экендиги төмөнкү сүйлөмдөрдө ачык байкалат. Коколой башы жалгыз калган, акылынан айрылган эне-бөрү тоо аралап бийиктикте, көк туңгуюкта турган ай астында жүгүрүп келатты. Үңкүргө жетти да, үңкүрдүн ичине кирүүдөн заарканып туруп калды.

Жок жалган азгырыкка алданыпмын деп, эсине келип, артына кайра салышка кудурети жетпеди. Ошондо Акбаранын көөдөнү кайра өрттөнүп, боздоп уулуп, көзүнүн жашын төгүп, айдагы Бөрү-Анага кайрадан кайрылды, шордуу тагдырын айтып, дагы да буркурады, мени өзүң отурган айга, адам жок жерге алып кет, Бөрү –Ана! – деп жалынды...

Чөл бөрүлөрүн өлтүрбөшкө Бостон көп аракет жасады, бирок Базарбайдын кара ниеттиги, арак жана акча үчүн болгон терс кылыктары чөл бөрүлөрү эле эмес, ак кагаздай таза Кенжештин да өлүмү менен кечирилгис күнөөсү бар Базарбайдын атылышы менен аяктады. Акбаранын арманын Бостон түшүнсө да, Базарбай түшүнө албады. Жыйынтыгында, Акбара адамдын баласын Кенжешти көтөрө качты. Аны өз баласындай сезди, энелик жүрөгү адам баласынан өч алуу эмес, сүйүүгө толду. Кенжешти эч күнөөсү жок бөлтүрүктөрүнө окшотту. Акбаранын башын Кенжеш сыламакчы болгондо, Акбаранын жүрөгү элжиреп, баланын бетинен жалап жиберди. Эне-бөрү энелик сезимге жетеленип, баланы жалына отургузду да тоолорго өзүнүн үңкүрүнө алып жөнөдү.

– Ташта баламды, Акбара! Айланайын. Акбара, ташта баламды деген Бостондун сөзү жел менен кошо сапырылды Бостондун кыйкырганын Акбара укпады. Акбара Базарбайдан бөлтүрүктөрүн сурап кууганда, Базарбай да дал ушинтип уккан да, таштаганда эмес эле. Ошентип, Акбара да, күнөөсүз наристе Кенжеш да окко учту. Мындай шумдуктуу окуяны түшүндө көрбөгөн адамгерчилиги жогору турса да, башка адамдардын кыянаттыгынын азабын тарткан айыпсыз Бостон өз колу менен баласын атып алып акыр заманга жолугуп, аргасы кетип турду.

– Мына акыр заман келди ! - деди ал үнүн чыгара. Бостон үчүн акыр замандын келиши ушул эле. Бостон өлбөсө да өлгөнгө тете болду. Ал сүйүктүү баласынан айрылды. Базарбайды атты. Акбара менен Ташчайнар экөөнү тең өлтүрдү. Акбара кандай уулуса, аялы Гүлүмкан так ошондой уулуп калды. Бостондун келечеги кыйрап, бүткүл үмүт тилеги талкаланды. Жазуучу бул чыгарма аркылуу адам менен жаныбарларды экология менен тарбиялоону тыгыз байланыштырып, адамзатты терс көйгөйгө алып келген коомду эле күнөөлөбөстөн, ар бир адам өзүн-өзү тарбиялашы керек экендигин көрсөтөт. Адеп-ахлак маселеси эң жогорку орунда болгондо гана адам инсан катары калыптанаарын жазуучу төмөнкү аныктамасында даана чагылдырат. “Адам, адамгерчилик, адептик жактан таза, бийик, жогору болушу лаазым, а буга жетиш үчүн тарбияны бала бакчадан, мектептен баштоо керек жана адам таза болуш үчүн коом да таза болуусу кажет” Бул сүйлөмдөрдөн биз адамдык абийир жана адамдык жан дүйнө таза болсо гана инсандык калыптануу түптөлөрүн байкайбыз жана да окуучуларыбызды келечек муундары болгон студенттерибизди ар дайым ар бир сабакта тарбиялык негизде адамгерчилик, инсандык сапаттар менен тарбиялоого тынымсыз аракеттенебиз, бул биздин 21-кылымдын муунунун маанилүү тапшырмасы, милдети деп ойлойбуз.

Адабияттын коомдогу жана адам турмушундагы прогрессивдүү ролу – ал өз алдына коомдун эң маанилүү, эң зарыл маселелерин коё билгендигинде. Жазуучу азыркы биз жашап жаткан мезгилдин татаал жана карама-каршылыктуу экендигин эң жакшы түшүнгөн. Акыл эске ээ адам болуп туруп, өзүнө кубат берген ишениминен ажыраса, адамзаттын келечеги туманданып, жашоонун, тиричиликтин куунарын жоготуп коёру шексиз”. Биздин окутуп-тарбиялоодогу эң ыйык милдетибиз – адамды көркөм адабияттын, же белгилүү жазуучуларыбыздын чыгармалары аркылуу биздин келечек муундарыбызды инсан катары тарбиялоо болуп саналат. Себеби, азыркы муундун жаштарын туура тарбияласак, улуттук адабий, маданий, тилдик, адамдык сапатыбыз түбөлүккө сакталары талашсыз экендиги маалым.

Жазуучунун “Кылым карытар бир күн” романында да адамдык сапаттар менен бирге ошол доордогу адамгерчилик, адам баласы үчүн ойлонуучу маселелер каралат. Мисалы; романдагы өз энесине жаа тарткан маңкурт жөнүндөгү Найман эне менен баласынын диалогун ала турган болсок:

– Отурчу сүйлөшөлү деди, – Найман эне оор үшкүрө. Экөө бет маңдай отурушту. Мени тааныйсыңбы? – деди эне. Маңкурт башын чайкады. Сенин атың ким? Маңкурт – деди ал. – Сени азыр ошентип аташат. Мурдагы атың эсиңдеби, чын атыңды эстечи? Маңкурт тунжурайт. Атаңын атын билесиңби? өзүң кимсин, эли журтуң ким? Деги каерде туулганыңы билесиңби? – Жок, маңкурт эчтеме түшүнбөдү, эчтеме эсинде жок экен, болгону ай менен сырдашарын гана айтты да энени таанbackыбады.

– Сени эмне кылышкан шордуу? – деп эне күбүрөдү да, эрксизден эриндери дирилдеп, аргасыз ачууга, ичин өрттөгөн ызага, баласы экөөнүн башына түшкөн кайгыга чыдабай сыздап, үнсүз ыйлады. Эненин күйүп жатканы тигил маңкуртка чымын чаккандай болбоду.

– Жерди алса болбойбу, мал мүлктү алса болбойбу, анчалык душман экен башты алса болбойбу? – деп сүйлөнүп отурду Эне. Бирок адамдын эс учун алат деген шумдукту ким ойлоп, кимдин колу барды? О, жараткан, эгер сен бар болсоң, адамдын арам ниетине ушул ойду кантип киргиз-

диң? Мындан башка жер жүзүндөгү кыянатчылык аздык кылдыбы?

Найман эне өз ичинен күңгүрөнүп, жер жүзүндөгү адамдардын бардыгына арыз муңун айткысы, баласынын айыпсыз жүзүн далилдегиси келди, адамзатты мындай ааламаттан энелик жүрөгү менен коргоп, алгысы келип, маңкурт болсо да өз жерине алып кетүүгө далалаттанды. Ошол эле чыгарманын ичине камтылган өмүр бою эл үчүн иштеп, адам чыдагыс Сары-Өзөктө күнүн кечирип келген Эдигей, Казангап, Эдилбай куркут, ак жеринен камалган балдары үчүн жанын берүүгө даяр Абуталип менен Зарипанын тагдырлары адамгерчилик менен сугарылган, бирок ошол мезгилдеги коомго баш ийген тагдырлар катары каралат. Ушул эле чыгармадагы өз тилин чанып, орусча сүйлөөнү талап кылган Тансыкбаев өзүн билимдүү деп эсептеп космос менен байланышып, радио аркылуу карым-катыш түзүүнү ишенимдүү чындык катары түшүндүргөн Сабитжан терс каарман катары каралып, ошону менен бирге эле эртеңки кыргыз жаштарынын келечегине таасирин тийгизбей койбостугун жазуучу алдын-ала эскертүү менен түшүндүрүп кетет. Ал кездеги байкуш туткун башка адамдардын азабын тартып маңкурт болсо, бүгүнкү күндө өз элин, өз тарыхын, жада калса өз тилин тааныбаган чыныгы маңкурттар биздин коомубузда көбөйүүдө. Мындай терс көрүнүштөр менен өз убагында күрөшүү, адамдардын, коомчулуктун негизги милдети болуусу керек. Бул романдагы негизги бөлүм көп жылдар бою разьезде иштеген Казангаптын өзүнүн суроосу боюнча көзү өткөн мезгилдеги Эне–Бейитке коюуну суранганы жана ал өтүнүчтүн аткарылбай калышы Эдигей үчүн оор болду. Эдигей бардык мүмкүнчүлүгүн жумшап дагы маркумдун өтүнүчүн аткара албады. Бул күн Эдигей үчүн бүткүл өмүрүнө тете күн катары эсептелип калды.

Казангапты Эне-бейитке коюу осуяты аткарылбаса да Найман-Эне коюлган жерге жайгаштырган Эдигейдин бир топ санаасы тынчыган менен Казангаптын адам болот деген уулу Сабитжандын туура эмес кылык жоругу анын жан дүйнөсүнө тынчтык бербей, адамдык сапат адамдын жан дүйнөсүндөгү адамгерчилик, ыймандуулук, бүгүнкү күндүн олуттуу маселеси экендиги, анын жан дүйнөсүнө бүлүк салып кыйнады. Мындай тагдырларды сүрөттөө менен жазуучу ыймандуулук жөнүндө ар бир чыгармасында кенен токтолуп өтөт.

“Ыймандуулук – ар кандай коомдо, бардык таптар, бардык адамдар үчүн тиричиликтин эң баштапкы эң башкы мыйзамы болот” – дейт жазуучу. Бүгүнкү күндө адамды инсан катары тарбиялоо үчүн ар бир адам өзү тарбиялык негиздер, каражаттар менен сугарылган болуусу зарыл, Ошондуктан мектептеби, бала бакчадабы, жогорку окуу жайларында дагы келечек муундарды ыймандуулук, адамдык сапат, боорукердикке тарбиялоо биздин эң негизги милдетибиз болууга тийиш.

Чыңгыз Айтматов адамдын инсан катары калыптануусунун жолдорун ар дайым изденип келген. Анын негизги жолу катары адам баласы качан гана өзүнүн жасаган ишине, басып өткөн жолдоруна назар салып, кетирген кемчиликтерине өкүнүп, же туура жасаган иштерине кубануу сезими пайда болмоюнча, анда инсандык калыптануу жетишерлик өнүкпөшүн баса белгилеген.

Азыркы күндө биздин коомдогу адамгерчиликтин, гуманизмдин кризиси болуп жаткандыгы келечек муундар үчүн опурталдуу проблема болуп эсептелет. Эң негизгиси – адамзатка керектүү болгон адам баласынын бийик касиетин жогорулатуу адамгерчиликти сактап калууга адамдын кудурети жетүүгө тийиш.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч. Кыямат. – Фрунзе,1988
2. Муратов А. Адабият теориясы. – Бишкек, 2004
3. Асаналиев К. Айтматов Ч. Кечээ жана бүгүн. – Бишкек, 1995;
4. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаныртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Фрунз,1988
5. Укубаева Л. Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. –Бишкек, 2008.